3.1.1

**Материалдык техникалык базаны чыңдоо (МТБ)**

Жыл ичинде мектепте болгон мектеп мебелдерин сактоо боюнча иш-чаралар дайыма жүргүзүлүп турду. Анын натыйжасында бардык мебелдер бүтүн сакталууда. Ар бир айдын аягында мектепте генералдык тазалоолор жүргүзүлүп турууда.

Жергиликтүү бюджеттин эсебинен башталгыч класстарга ысык тамак уюштуруу үчүн ашкананы 437 000 сомго ашкана толугу менен ремонттолду.

2016-2017-окуу жылында 35 000 (отуз беш миң) сомго Сары-Коо айыл өкмөтүнүн жардамы менен балдардын дааратканасы оңдолуп, сынык айнектер бүтөлдү. 20 000 сомго түстүү принтер алынды

2017-2018-окуу жылында демөөрчүлөрдүн жардамы менен 1 кол жуугуч, 1 муздаткыч, 1 электр плитасы алынды.

Ата-энелердин жардамы менен балдар үчүн ЖЖЖИнин 8 формасы 8000 сомго даярдалды

2018-2019-окуу жылында мектептин чатыры, терезелери, алдынкы кире бериш эшик, от жаккыч имаратынын эшиги, буфеттин эшиги, электр жарык берүү системасы жаңыртылып, буфет капиталдык ремонттон өтуп, суу түтүктөрү киргизилип, 3 кол жуугуч, идиш-аяк жуугуч раковиналар, тамак жытын соргуч, ысык суу багы коюлду

2019-2020-окуу жылында 80 000 (сексен миң) сомго Сары-Коо айыл өкмөтүнүн жардамы менен көмүркана салынды.10 000 (он миң) сомго мугалимдердин бөлмөсүнүн терезелери коопсуздук тор менен курчалып, желек орнотулду, демөөрчүлөр тарабынан 5000 (беш миң) сомго принтер алынды.

2020-2021-окуу жылында 80 000(сексен миң) сомго Сары-Коо айыл өкмөтүнун жардамы менен мугалимдерге дааратканa салынды, 10 000 сомго демөөрчүлөр тарабынан терезеге пардалар алынды, 20 жылдык бүтүрүүчүлөр тарабынан эшиктин алдына 20 000(жыйырма миң) сомго отургуч алынды.

2021-2022-окуу жылында 30 000(отуз миң) сомго Сары-Коо айыл өкмөтүнун жардамы менен мектепти көзөмөлдөө үчүн видео байкоо коюлду.

2022-2023-окуу жылында демөөрчүлөр тарабынан 15000 (он беш) сомго компьютер жана 5000 (беш миң) сомго 5 даана пол жуугуч швабра чакасы менен алынды 3000 сомго 50 м. бак-дарак сугарууга (Дельфин) түтүкчө шланги алынды.

Быйылкы окуу жылына карата Мерсико уюму тарабынан мектептин 10 сотых аянтына тосмолору шарттары менен 100 эрте мөмө берүүчү карлик алмаларын тигүү пландалууда

Мектеп директору: Чотуралиев И.А